Жумашова Н.А

*Тыныстанов ат. ЫМУ*

**АЛМАМБЕТТИН ЭПИКАЛЫК ӨМҮР ЖОЛУ (БИОГРАФИЯСЫ)**

**(МАНАСЧЫ МАМБЕТ ЧОКМОРОВДУН ВАРИАНТЫ БОЮНЧА)**

«Манас» эпосунун сюжеттик курулушундагы жеке сюжетке ээ болгон өзгөчө көлөмдүү окуялардын бири - «Алмамбеттин жомогу». Алмамбет баатыр «Манас» эпосунун бай образдар системасында катардагы эпизоддук каармандын бири эмес. Окумуштуу Абдылдаев Эсеналынын адилеттүү пикирине кошулбай коюуга болбос. «Манас» эпосунун бардык варианттарында Манас баатырдын ата-теги жөнүндөгү баян менен окуя башталат. Улуу манасчы С.Карала-евдин айтуусунда Манастын ата-бабаларынын баары «хан», «падыша» «касиеттүү адамдар» болуп айтылат. Бул эпосто өзүнчө көркөм идеализациянын милдетин аткарат. Бул салттык көрүнүштү М.Чокморов да бекем сактайт. Алмамбеттин атасы Азизкан улгайганча бала көрбөй жүрүп, балалуу болот. Булл - түрк-монгол элдеринин баатырдык эпосторунда кеңири учурап, бекем салтка айланган көрүнүш.

«Манас» эпосунун көпчүлүк варианттарында Алмамбет төрөлгөндө эле мусулман болуп төрөлгөнү белгилүү. Ал башка диндеги элдин арасында жашагысы келбегенин ачык эле айтат. Энеси Айымкан - перинин кызы, атасы - Азизкан. Алмамбеттин Манаска дин үчүн келиши кийинки доордун таасири экендигин жокко чыгарууга болбойт. Бирок, ошого карабастан, Алмамбеттин образында байыркы доордун белгилери басымдуу мүнөзгө ээ. Ал, М.Чокморовдун айтуусунда, бала кезинде эле өзгөчө окуп, бардык элдин тилин, ал тургай, жан-жаныбарлардын тилин билип, ошону менен бирге эле жайчылык өнөрдү да өздөштүргөн болот.

Алмамбет төрөлгөндө эле **«Даңзага»** аты чийилип, Бээжинге аты билинет». Коңурбай баштаган Бээжиндин хандары баланы өлтщрщщнүн жолун издешет.

«Ушу баштан баланы

Биз башкарып албасак,

Каканчылуу Бээжиндин

Тартибине салбасак

Эртең минет күлүктү

Капыр, каканчылуу Бээжинге

Эртелеп салат бүлүктү.

М.Чокморовдо болочок баатыр-дын төрөлүшү көп жагынан улуу манасчы С.Каралаевдин вариантына жакын, окшош деп айтсак болот. Бирок жалпы салттык сюжеттик мотивдер окшош, жакын болгону менен, эки манасчынын баяндоо стили, көркөм сүрөттөө жагынан айырмачылыктары бар. Түрк-монгол элдеринин баатырдык эпосторунда кеңири учурап, бекем салтка айланган сюжеттик-салттык мотивдер С.Каралаевдин, М.Чокморов-дун варианттарында башка варианттардагыдай кыска, схема түрүндө айтылбастан, кеңири, деталдуу мүнөздө берилет. Азизкан эки вариантта тең балалуу болбой жүрүп, бала көрөт. Алмамбет төрөлгөндө эки өзгөчө белги менен төрөлөт. С.Каралаевдин варианты боюнча, «Алмамбеттин жомогу» аттуу бөлүк «Чоң казатка» бара жатканда Манастын өтүнүчү менен Алмамбет «Тал чокуда» туруп, Манас менен Сыргакка өзүнүн өмүр жолун узун баян кылып айтып берет. С.Каралаевдин вариантынан бир

мисал келтирели:

«Энекем алтындан торко кийчү экен

Балалуу болуп өлсөм деп,

Ошону тилеп жүрчү экен.

Нурдун кызы ушул деп

Ошол келген дубана

Нурдун уулу ушул деп

Түнүндө нике кыйыптыр».

Манастын кереметтүү төрөлүшү бир катар салтык мотивдер менен шартталса, Алмамбеттин кереметтүү төрөлүшү да дээрлик бардык варианттарда ошондой салттык сюжеттик мотивдер менен шартталганына күбө болобуз. М.Чокморовдун вариантында Алмам-беттин энесинин боюна нурдан бүтөт. Мындай кереметтүү бойго бүтүү - дүйнөлүк эпосто да кеңири тараган салттык мотив.

«Семетей» эпосунда «Кошой бата бергенде, каапыр менен мусулман кошо бата бергенде, батадан бүткөн Семетей» деп айтылат эмеспи. М.Чокморовдун вариантында «Бериден (периден) бүткөн баланы бенде деп колго алышты»,-деп айтылат. Болочок баатыр төрөлөрдүн алдында анын ата-энеси кереметтүү түш көрүшөт. Манас баатырды, ошондой эле Алмамбеттин кереметтүү төрөлүшүн шарттаган салттык-сюжеттик мотивдер эпосто көркөм идеализациянын милдетин аткарат. Кереметтүү салттык мотивдердин жаралышын белгилүү окумуштуу - манастаануучу Р.Сарып-беков мындай түшүндүрөт: «Бирок ал чыгыш теги жагынан мифтик-фантастикалык чыгармаларга милдеттүү». Белгилүү советтик окумуштуу, академик В.М.Жирмунский өзүнүн «Манас» эпосуна арнап жазган «Введение в изучение эпоса «Манас» аттуу эмгегинде минтип жазат: «Рассказ о рождении и детстве Манаса слагается из ряда традиционных мотивов, широко распространенных в мировом эпосе и сказочном фольклоре. Герой рождается чудесным образом по молитве престарелых родителей, терпящих стыд поношение за свое бесплодие».

Окумуштуу оюн андан ары мындай улантат: «Чудесные сны родителей предвещают рождения героя. Вкушение матерью Манаса во сне чудесного яблока представляет смягченную форму широко распространенного чудесного зачатия от вкушения какого-нибудь плода, чаще всего именно яблока, которое подносит бездетной матери ее божественный покровитель, или от священного солнца, от глотка воды из священного источника, от запаха цветка и т.п. По своему происхождению подобные древние сказания связаны с первобытными представлениями о партеногенезе» (т.е. девственном зачатии), всходящими к эпохе материнского рода. В более позднее время эти фольклорные мотивы остаются в эпосе и сказке как традиционный элемент чудесного в биографии героя».

Ошентип, энелик доордун олуттуу өзгөчөлүктөрү, эненин коомдо алган орду, бийик укугу, балага карата болгон чечүүчү ролу көптөгөн элдердин баатырдык эпосторунда, жомокторунда, аныз-уламыш сөздөрүндө көркөм чагылганын жокко чыгаруу мүмкүн эмес. Дагы тагыраак айтканда, азыр биз түшүнгөндөй баланын атасы анын энеси болгон. Баланын ата-теги энеси жактан айтылып, энеге таандык болгон. Патриархаттык түзүлүштүн келиши менен коомдо олуттуу өзгөрүүлөр пайда болуп, атанын ролу биринчи планга чыкканы менен энелик доордун көз карашы, түшүнүктөрү сактала берген. Илимде адилет белгиленгендей, аталык доордо энелик доордун кереметтүү белгилерин жеришкен эмес. Ал культ бийлик башындагылардын башын бийик көтөрүш щчщн зарыл фактор болгон.

Чокморов Мамбеттин вариан-тында болочок баатыр Нурдан төрөлөт, ушундай эле сюжеттик мотив С.Каралаевдин вариантында бар. Деги эле С.Каралаевдин, М.Чокморовдун, А.Ашабаевдин вариантарында кёптёгён сюжеттик мотив окшош. Демек, болочок баатырдын Нурдан төрөлүшү

энелик доорго таандык. Академик В.М. Жирмунский адилет белгилегендей, байыркы мотив кийин мусулман дининин таасиринде өзгөргөн. Нур болуп кубулуп келген жаш жигиттен бойго бүтүшү көптөгөн эмгектерде, жомоктордо, ал тургай, кийинки тарыхый уламыштарда кескин учурайт. М.Чокморовдун вариантында Алмамбеттин энеси Айымкан Нурдан боюна бүткөндөн үч ай өткөндө Азиз ханга келет. Нур болуп кубулган жаш жигит акырындап алгачкы түрүн өзгөртөт. М.Чокморовдун вариантында мындай айтылат:

«Энекеси Айымкан

Адам менен сүйлөшүп

Сыр болушчу кем эмес.

Азиз хандын койнуна

Өзү эмес, кара мышык жаткырды».

А.Шабаевдин вариантына кай-рылып көрөлү:

«Соорондук кыз Акылай

Суук дуба урду эми,

Азиз хандын койнуна

Бөкөн кошпой турду эми.

Өз ордуна Акылай

Шайтан кызын жаткырып

Кем сарайдын ичинде

Нур менен ойноп жүрдү эми»

Мындай сюжеттик мотив «Семетей» эпосунда бар. Айчүрөк Кыяздын койнуна башка аялды жаткырат эмеспи. Ал эми М.Чокморовдун вариантында Алмамбеттин кереметтүү төрөлүшүн шарттаган мотивде мусулман дининин таасири ачык эле байкалат:

«Айымкан түш көрөт,

Бейлинде жакшы иш көрөт .

Түшүндө кабар кеп угат,

Жебирейил периште.

Ишарат кылат деп угат

Эми шартын байкаса

Бейлин кудай салыптыр

Бир күнү боюна болуп калыптыр»

Ошентип, байыркы мифтик мотив доордун өзгөрүшү менен диндик мифке айланганына күбө болобуз.

Окумуштуу Р.Сарыпбеков болочок баатырдын кереметүү төрөлүшүн ай менен да байланыштырат. Бир катар элдердин, анын ичинде кыргыздардын элдик чыгармаларында ай жаш жигиттин образы катары сүрөттөлөт, чоъ айдын культу кенен сүрөттөлгён. А.Сарыпбеков баатырдын энесинин боюна бүтүшү мотиви боюнча мындай жыйынтык чыгарат: «Ошентип, эпикалык каарман Алмамбеттин керемет менен бойго бүтүшү жөнүндөгү мотив алгачкы учурда кыргыз элинин байыркы мифтик-фантастикалык ишенимдеринин, көз караштарынын топурагында жаралган, башкача айтканда, өзүнүн алгачкы башатын кыргыздардын түпкү ата-бабаларынын матриархаттык доордогу айдын культуна карата болгон мифтик түшүнүгүнөн, ишениминен алган да, ага кийинчерээк мусулман дининин түсү кире баштаган. Болочок баатырдын керемет менен бойго бүтүшү «…окуянын андан аркы өнүгүшүнө, каармандардын ортосундагы конфликтердин чыгышына түздөн-түз байланыштуу болушу менен кызыктуу», -дейт окумуштуу Р.Сарыпбеков. Окумуштуу өзүнүн оюн андан ары академик В.М.Жирмунскийдин төмөндөгүдөй пикири менен бекемдейт: «В более позднюю эпоху древний мотив чудного рождения должен быть вступить в конфликт, по крайней мере, в бытовом плане, с новыми представлениями отцовского рода. Такое столкновение двух представлений, старого и нового, наглядно показывает казахские сказания о Чингиз хане, зачатого матерью от солнечного луча. Когда младшие братья обвиняют молодого героя в том,  что он незаконный сын, безродный   (ребенок без отца), Чингизхан доказывает свое право быть властителем, повесив свой лук на солнечным луче».

Ырас, окумуштуу Р.Сарыпбеков адилет белгилегендей, Алмамбеттин Кытайдан качып, мусулман болуусунун себептери анын кереметтүү төрөлүшүндө  эмес. С.Каралаев менен М.Чокморовдун варианттарында Алмамбет - элдин асыл идеалын билдирген, адилеттик үчүн күрөшкөн баатыр. М.Чокморовдун вариантында Алмамбетти төрөлө электе эле жок кылуу аракеттери башталат, эң кийинки мотив - өзгөчө карама-каршылык туудурган мусулман дининин таасири. Бул кийинки мотив М.Чокморовдун вариантында бир кыйла басымдуу берилип, олуттуу мааниге ээ.

С.Каралаев менен М.Чокморовдун  варианттарында Алмамбет туула электе эле Бээжин менен Какандын Пичке менен даңзага Алмамбет болуп чийилди» (М.Ч., аты чийилип, келечекте Кытайга бүлүк салаары айтылат):

«Ошо бала чоъойсо

Акун менен Бээжинге

Чыны чырды сала турган бала де».

(М.Ч.).

Болочок баатырдын келечегин билүү «Манас» эпосунда гана болгон көрүнүш эмес. Түрк-монгол элдеринин фольклорунда учураган салттык көрүнүш. Мындай баёо түшүнүк байыркы доордун адамдарына мүнөздүү болгондугу белгилүү. Болочок баатырдын кереметтүү төрөлүшү да - дүйнөлүк  фольклордо кеъири, учурап салтка айланган көрүнүш. Алмамбет төрөлгөндө энеси кырк күн толгоо тартат. С.Каралаевде болсо:

Курсактан мен түшкөндө

Каканчындын Бээжинге

Жетимиш күнү күн жаап

Жер титиреп кетиптир.

Ушундай эле жаратылыштын бөтөнчө кескин өзгөрүүсү В.Радлов жазып алган вариантта, С.Орозбаковдо учурайт. Орустардын баатырдык эпосторунда да ушундай көрүнүш бар экендигин бөтөнчө суктануу менен баса белгилеп, Белинский: «Это -апофеоз богатырского рождения, полная величия, силы» - деген. Болочок баатырдын кереметтүү төрөлүшүн шарттаган салтык-сюжеттик мотивдер - турк-монгол элдеринин баатырдык эпосторунда кенири учурап, бекем салтка айланган сюжеттик мотив.

Алмамбеттин кереметтүү төрө-лүшүн шарттаган дагы бир салттык -сюжеттик мотивге көнүл бөлүп көрөлү. М.Чокморовдун вариантында Алмамбеттин энеси төрөй албай көпкө кыйналып, чынардын түбүнө барып төрөйт. Чынарды дарактын культу катары кароо башка элдердин эпосторунда учурайт. «Семетей» эпосунда Каныкей Таластан качып Букарга барган жолдо мурун гүлдөп турган Кеъ-Көлчүк соолуп, чынар бак куурап калганын көрөт.

«Көлчүгү соолуп какшыптыр,

Тегереги чынар бак

Такыр гана куурап калыптыр» - деп сүрөттөлөт. Ошондо Чыйырдынын Каныкейге айтып турган сөзү:

«Ыйлабагын, Каныкей,

Сынбасты уста жаратпайт

Өлбөстү кудай жаратпайт

Өксүгөн менен айла жок

Өкүрсөң Манас табылбайт.

Бу түбү түшкөн жалгандан

Түрдүү-түрдүү шер өткөн.

Көлчүгүъ соолуп калганы

Көк жалыъ Манас өлгөнү.

Чынарыъ куурап калганы

Тайган иттей желгениъ,

Азапты тартып Каныкей

Таластан тентип келгениъ».

Демек, чынар теректин гүлдөп турушу, куурап калышы жакшылык менен жаманчылыктын символу, теректин культу экендиги ачык көрсөтүлүп турат.

Алмамбет төрөлө электен баштап эле кытайлар өлтүрүү жолун издешет. Аны орго салып өлтүргөнгө да аракет кылышат. Бирок периштелер колдоп, аман калат. Ошентип, Алмамбеттин образында байыркы мезгилдин көз карашы, түшүнүгү кенири орун алуу менен бирге, ислам дининин таасири да орун алганын жокко чыгаруу болбос.

Алмамбеттин атасы бала төрөлгөндө шектенүүсү, тактап айтканда, менин баламбы же

башканыкыбы деши, ата-баланын кармашы – көптөгөн элдердин фольклордук чыгармаларында кеъири учураган мотив.

«Семетей» эпосунда Сейтектин төрөлүшү, ага карата Кыяздын шектенүүсү, Айчүрөктүн баланы тогуз айдан кёп көтөрүп төрөшү буга ачык мисал. Ырас, доордун өзгөрүүсү менен көз караш, мамиле да өзгөрүп, жаны маани-мазмунга ээ болору да табигый көрүнүш.

«Манас» эпосунда ата-баланын келишпес кармашы Манас менен Жакыптын, Семетей менен Жакыптын, Сейтек менен Кыяздын, Азизкан менен Алмамбеттин образдарында берилген. Ошондой эле бир аз өзгөргөн маанисинде Тейитбек менен Курманбектин образында сакталган, матриархат доорунун патриархат дооруна өтүшү менен пайда болгон көрүнүш катары баалашат бир катар окумуштуулар.

Алмамбеттин ажыдаардан окушу «Манас» эпосуна кокустан эле кирип калган сюжеттик мотив эмес. Дүйнө элдеринин фольклорунда ажыдаар (жылан), желмогуздар менен болгон күрөш - өтө кеъири учураган салттык мотив. Демек, ажыдаар - классикалык фольклордук каарман, адамдын каардуу душманы, дүйнөнүн сырдуу жана коркунучтуу өкүлү. Ал - мифтик персонаж. Ырас, доордун өзгөрүшү менен олуттуу жаъы касиеттерге, белгилерге ээ болот. Так айтканда, тарыхый реалдуу душманга айланат. Кыргыз жомокторунда, өзгөчө, «Эр Төштүк» эпосунда ажыдаар өзүнүн алгачкы байыркы архаикалык касиетин сактап калганын көрөбүз.

Түрк-монгол элдеринин эпосторунда болочок баатырдын тентек болушу да - бекем традиция-салтка айланган сюжеттик мотив. «Манас» эпосунда Манас өтө тентек болуп, атасы Жакып «бала эмес эле, балээни көргөн экенмин», - деп наалыйт. Акылман Бакай болсо баланын тентек болушун жакшылыкка жоруп,

«Уул болсо, ок болсун

Мал табаар уул болгуча,

Бар болбосо, жок болсун» - дейт.

М.Чокморовдун вариантында да Алмамбет тентек болуп өсөт. Академик В.М.Жирмунский адилеттүү белгиле-гендей, Манастын эпикалык биографиясында, Алмамбеттин обра-зында жомоктун элементтери да жок эмес. Алмамбеттин атасы уулуна жакшы билим берем деп, жер алдынан окутмак болот. «Жетимиш бала бир барып, жети бала гана аман» келет.

«Алмамбет жер астынан чыкканда

Суунун тилин билиптир

Ааламда баары жашаган

Жердин тилин билиптир».

Алмамбеттин энеси Айымкан уулуна жоого минсин деп «алтын туяк, ай кашка» ат таптап, жоого кийсин деп, ок өтпөс тон, кара болот зулпукор курал жасатып берет.

Жогоруда биз белгилегендей, Манастын башкы чоролорунун ичинен Манас баатырдай же өзгөчө эпикалык биографиясы бар кеңири сюжет болуп баяндалган каармандын бири - Алмамбет. Бардык манасчылардан өзгөчө бөлүнүп, Саякбай Каралаев «Алмамбеттин жомогун» өтө көркөм, ар бир деталына чейин кеңири баяндоого алып, муңдуу, кайгылуу мүнөздө баяндайт да, Алмамбеттин трагедиялуу образын жаратат. Мындай маанайда баяндоо Саякбайдын устаты чоң манасчы Чоюкеге да мүнөздүү болгон экен. Сакем улуу устатынын салтын улантып, анын өзгөчө

таасиринде болуп, «Каныкейдин Тайторуну чапканын», «Каныкейдин жомогун» өтө муңдуу, кайгылуу баяндап, угуучулардын ички жан дүйнөсүнө өзгөчө бүлүк салып, бир кайгыртып, бир ыйлатып турчу тура.

Ошентип, С.Каралаев Алмам-беттин татаал жана бүткөн оригиналдуу эпикалык биографиясын жараткан. Өз убагында В.Радлов белгилегендей, Алмамбет менен Манастын кереметтүү төрөлүшүндө жомоктун элементтери жок эмес. Алмамбет эпикалык-жомоктук каарман болуп сүрөттөлөт. В.Радлов өзү жазып алган вариантта Алмамбеттин образына мүнөздщщ болгон көрүнүш, тактап айтканда, Алмамбеттин мусулман болушу Огуз-хан баянына окшоштугун белгилейт. Мындай окшоштук башка элдердин эпосторунда да кеңири учурап, салтка айланган көрүнүш экендигин В.М.Жирмунский конкреттүү мисалдар менен негиздүү далилдейт да, өзүнүн баалуу пикирин билдирет: «Киргизский эпос более глубоко и реалистически раскрывает трагические противоречия, заключающиеся в образе Алмамбета».

Ошентип, Алмамбеттин балалык чагы бүтүп, эр жетет. Биз Алмамбеттин кереметүү төрөлүшүн шарттаган салтык-сюжеттик мотивдерге кыскача токтолдук. Булл - өзүнчө атайын кеңири илимий иликтөөгө объект боло турган олуттуу маселе. Ошондуктан макалада айрым бир гана мүнөздүү белгилерине анализ берүүгө аракет жасадык.

Адабияттар:

1. Жирмунский В.М. Введение в изучение эпоса «Манас». Китепте: Тюркский героический эпос. – Ленинград, 1974, 35-36-беттер.
2. Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары.- Фрунзе, 1981.
3. «Манас». Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. -Бишкек: Турар, 2010.
4. Сарыпбеков Р. Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү. -Фрунзе, 1977, 12-бет.